# ПИКИР

Камчибекова Саипжамалдын социология (22.00.04 – “Социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер” адистиги) боюнча «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» деген темада социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчисинин пикири

(кыргызча жазылган)

Камчибекова Саипжамал Молдошовна 2003-жылы Ош мамлекеттик университетинин «социалдык иштер» адистиги боюнча жогорку билим алган, 2014-жылдан тартып менин илимий жетекчилигим менен иштеп, илимий темасы боюнча теориялык жана колдонмо ыкма менен изилдөө жумуштарына киришкен, дүйнөлүк социологиянын методологиясын, теориясын үйрөнгөн, Ош мамлекеттик университетинде социология жана социалдык иштерге байланыштуу социологиялык сабактар боюнча окутуучу жана ага окутуучу милдеттерди аткарган.

«Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» деген темадагы диссертациясы менен изилдөө иштерин 7 жыл бою улантып, 2021-жылдын март айында жыйынтыктады жана Кыргыз Республикасынын аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайыкташтырды.

Камчибекова Саипжамалдын кандидаттык диссертация катары сунуштаган эмгеги киришүүдөн, 3 баптан, корутундудан, колдонулган 120дан ашык адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турду.

Биринчи бап коомдогу иденттүүлүк жана иденттешүүнүн теориялык маселелерин, иденттүүлүктү окуп үйрөнүүнүн социалдык билимдердин алкагындагы түшүнүктөрүн, ага теориялык көз караштарды, социалдык жана жарандык иденттүүлүк менен байланышкан маселелерди чечмелөөгө арналган. Чын-чынында дүйнөлүк социологиянын жогоруда саналган маселелери кыргыз тилинде биринчи ирет этникалык кесилиште түшүнүктүү, ишенимдүү баяндалган. Коомдогу социалдык жана жарандык иденттүүлүк — социалдык ойлордун борборунда болуп, индивиддердин өздүгүн аныктоо

маселелерине кайрылган дүйнөлүк, европалык, россиялык, ж. б. ойчулдардын, окумуштуулардын көңүлүн өзүнө буруп келгени белгилүү. Аларды талдоосуз жана түшүнүүсүз коомдогу социалдык мамилелерди, топтук өзгөрүүлөрдү ж. б. социалдык процесстерди жана кубулуштарды толук түшүнүү мүмкүн эмес. Ошондуктан, Саипжамал Камчибекованын Кыргызстандагы жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызын, жарандардын иденттешүүсүн, анын өзгөрүү жолдорун жана келечегин изилдөөнүн теориялык-методологиялык маселелерди атайын талдоого алганы толук мыйзам ченемдүү көрүнүш жана автор бул татаал, көп жактуу маселени жетишээрлик деңгээлде иликтеген.

Диссертациянын экинчи бапынын биринчи жана экинчи параграф – бөлүмдөрү адамдагы жеке, социалдык жана жарандык иденттүүлүктөр, анын маанилүү компоненттери катары тил, саясий жана диний баалуулуктар, мекенчилдик салты түрдүү илимий булактардын негизинде чыгармачылык менен аткарылган. Социалдык иденттүүлүк, анын негизги бир түрү болгон жарандык иденттүүлүк кубулушу, анын негизги компоненти катары мекенчилдик салты кандай шартта калыптанып жана өзгөрүштөрү социологиялык ыкмалар менен изилденген, жарандык иденттүүлүктүн азаттыктын жаңы шартындагы Ата мекендик окумуштуу-социологдор тарабынан иликтениши кошо талданган. XXI кылымдагы жарандык иденттүүлүк кубулушунун эволюциясы жана келечеги жөнүндө пикирлер келтирилген. Демек, Камчибекова Саипжамалдын иденттүүлүк маселесин изилдөөдө жалпы илимий жана социологиянын ыкмаларын акыл-эстүүлүк менен пайдаланганын диссертанттын изилденип жаткан маселени талдап, ачып берүүдөгү ийгилиги катары эсептесе да туура болот.

Үчүнчү бап Кыргызстандыктардын заманбап жарандык иденттүүлүгүнүн калыптанышын, абалын жана өзгөрүү багыттарын негизги этностук топтордун динамикасы менен айкалышта карап, автор мамлекетибиздеги жарандык иденттүүлүктүн этностук айырмачылыктары социологиянын колдонмо ыкмасы менен атайын 1189 адамды 27 суроодон

турган сураманын негизинде сурамжылоо усулу менен иликтеген. Автор илимий ишинде өздүк изилдөөнүн натыйжалары менен бирге расмий статистикалык маалыматтарды, эл каттоонун жыйынтыктарын кеңири колдонгон.

Ааламдашуу шартындагы кыргызстандыктардын жалпы жарандык иденттүүлүгү жана анын абалы, дүйнөлүк ааламдашуу жараянынын, ошондой эле өлкөдөгү ички факторлордун таасири астындагы этностордун иденттүүлүктөрүнүн өзгөрүү багыттары мамлекеттин бүтүндүгүн, андагы туруктуулукту сактоонун олуттуу көйгөйлөрүнүн бири боло баштагандыгы белгиленген. Кыргызстандын этностук мейкиндигинде бирдиктүү жалпы жарандык иденттүүлүк алсыз болуп, иденттүүлүктөгү ажырым сакталып, улуттук биримдикке каршы багыттар калып жаткандыгы, коомдун туруктуулугунун кепилдиги болгон “Кыргыз жараны” жалпы жарандык иденттүүлүгүнүн толук кандуу калыптанбай жатканы ишенимдүү көргөзүлүп, иденттешүүдөгү аймактык жана этностук өзгөчөлүктөр чагылдырылган. Кыргызстан Өкмөтүнүн жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу багытында жаш муундарда мекенчилдикти тарбиялоо саясатына өзгөчө көңүл буруу зарылдыгы илимий жактан ишенимдүү далилденген.

Саипжамал Камчибекованын кандидаттык диссертациялык жумушу Кыргызстандын социологиялык илиминдеги жарандык иденттүүлүктү этностук кесилиште биринчи комплекстүү изилдөө катары чыгармачылык менен жогорку деңгээлде аткарылган илимий эмгек. Демек, диссертациялык иш негизинен бүткөн, социологиянын 22.00.04 – “Социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер” адистиги боюнча расмий коргоого толук татыктуу, анткени, Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын талаптарына жооп берет.

23.03.2021 - ж.

Илимий жетекчи,
философия доктору,
социология профессору: Кусеин Исаев

« 13 » октября 2021 г.
Я, БАЙХАНБАЕВА ДИАНА ЗАХИРОВНА, частный нотариус Первомайского нотариального округа г.Бишкек Кыргызской Республики, свидетельствую подлинность подписи Исаева Ксения

которые сделаны в моем присутствии. Личность подписавш его документ установлена дееспособность проверена.
Зарегистрировано в реестре за № 132-1757
Взыскано государственной пошлины 50-00сом

Прошнуровано, пронумеровано на 3х листах (стр.)